**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**БОЛОТ МАМБЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**БОЛОТА МАМБЕТОВА**

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын V сессиясы**

# Токтом

**2025-жылдын 15-августу №63** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл аймагына караштуу Туура-Суу жана Көк-Сай айылдарынын жерин трансформациялоого уруксаат берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык, Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Т.Кылжыровдун сунушун угуп, талкуулап жергиликтүү Кеңештин сессиясы **токтом кылат**:

1. Болот Мамбетов айыл аймагына караштуу Туура-Суу айылынын “Арал” участкасында жайгашкан №244 контурдун ичинен 2,0 га жер аянты селден сактоо максатында дамба куруу үчүн трансформациялоого уруксаат берилсин.

2. Көк-Сай айылынын “Чуңкур-Булак” участкасынан "Мезгилдик жөнгө салуу бассейнин" суу сактагыч (БСР) куруу максатында 19 гектар жерди трансформациялоого уруксаат берилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **М.Жунушалиев**